**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА ОШ ШААРДЫК АЙМАКТЫК КОМИССИЯСЫ**

**ОШСКАЯ ГОРОДСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

723510, Ош шаары, Ленин көч. 221
тел./факс 5-53-44

723510, город Ош, ул. Ленина, 221
тел./факс 5-53-44

62 К

# ЧЕЧИМ № 37

2021-жылдын 14-июлу Ош шаары

Катышышты:
Ош АШКнын төрагасы - Аттокуров У.Т.
мүчөлөрү – К.Маматов, А.Эркинов, Ж.Айтбаева, Т.Жумабаев, К.Эрмеков, Т.Шаванов, З.Жусупова, Б.Зарипбек уулу, М.Мусаев.

**1. “Бүтүн Кыргызстан” саясий партиясынын арызы боюнча.**

**Угулду:** Ош АШКнын төрагасы У. Аттокуров – Урматтуу АШКнын мүчөлөрү, 2021-жылдын 13-июлунда “Бүтүн Кыргызстан” саясий партиясы 2021-жылдын 11-июлунда болуп өткөн Ош шаардык кеңешинин депутаттарын шайлоодо катталган мыйзам бузууларды эске алып, бул шайлоонун жыйынтыктарын жокко чыгарып жана добуш сатып алууга барган Ата-Журт Кыргызстан, Улуттар биримдиги, Биздин Кыргызстан, Бир Бол саясий партияларга карата мыйзамда көрсөтүлгөн тиешелүү чара көрүүнү талап кылгандыгын билдирген.

Добуш сатып алуу фактылары боюнча укук коргоо органдары тарабынан тергөө иштери жүргүзүлүп, соттук кароого берилген. Жогорудагы фактылар шайлоонун жокко чыгарууга негиз болбогондугуна байланыштуу, “Бүтүн Кыргызстан” саясий партиясынын Ош шаардык кеңешинин депутаттарын кайталап шайлоонун жыйынтыгын жокко чыгаруу боюнча сунушунан баш тартуу боюнча сунуш добушка коюлду.

**Макул – 9, Каршы – 1.**

Сунуш 9 добуш менен кабыл алынды.

**Ош аймактык шайлоо комиссиясы күн тартибиндеги маселени талкуулап Чечим кылат:**

1. “Бүтүн Кыргызстан” саясий партиясынын Ош шаардык кеңешинин депутаттарын кайталап шайлоонун жыйынтыгын жокко чыгаруу боюнча сунушунан баш тартылсын.

2. Чечим Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына билдирилсин.

**Ош шаардык шайлоо комиссиясынын төрагасы** **Аттокуров У.Т.**

**Ош шаардык шайлоо комиссиясынын катчысы** **Ысмайылова Б.А.**